2. Информация по: Аалиева Г.К., Аалиева Н.К., Аалиева Ш. К. Манасоведение. Учебное пособие. – Бишкек, 2014
3. Семенов Ю. И. Как возникло человечество? – М., 1966. – С. 277
4. Спиркин А. Г. Происхождение сознания. – М., 1960
5. Таджиева Г., Курманбекова А. Семена, посеянные мудростью. - Бишкек, 1998

УДК:391:646.4(575.2)(04)

**Момунбаева Н.,**
тарых илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи

## КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ЭРКЕК КИЙИМДЕРИНИН “МАНАС” ЭПОСУНДА ЭСКЕРИЛИШИ

**Момунбаева Н.,**
кандидат исторических наук,
Национальный исторический музей Кыргызской Республики

## УПОМИНАНИЕ ТРАДИЦИОННОЙ МУЖСКОЙ ОДЕЖДЫ КЫРГЫЗОВ В ЭПОСЕ “МАНАС”

**Momonbaeva N.,**
Candidate of Historical Sciences
National Historical Museum of the Kyrgyz Republic

## MENTION OF TRADITIONAL KYRGYZ MEN’S CLOTHING IN THE EPIC “MANAS”

**Аннотация.** Автор өзүнүн илимий макаласында элибиздин улуу мурасы болгон “Манас” эпосунда эскерилген кыргыздардын салттуу кийим-кечелеринин түрлөрүнө көңүл бурат. Ошондой эле эпостогу маалыматтардын негизинде кыргыздардын жай турмушунда жана согуш учурунда кийилгендерин чечмелеп берүү аркетин көрөт.

“Манас” эпосу баатырдык эпос болгондуктан кийимдердин ичинен жоокердик түрлөрү арбын сүрөттөлөт. Айрыкча *ак олпок, чарайна, чопкут, кандагай* баатырдын чалгынга, согушка кийип жүрүүчү, коргонуучу кийимдери катары эскерилет. Булар найза тешпеген, кылыч кеспеген эң чыдамдуу болгон. Макалада ушундай өзгөчө жасалыштагы кийимдердин түрлөрүнүн маанисин ачып берүүгө аракет жасалып илимий талдоолор жүргүзүлөт.

**Негизги сөздөр:** кыргыздар, эпос, тарыхый, баатырдык, салттуу, кийимдер, изилдөө.

**Аннотация**. Автор в своей научной статье акцентирует внимание на разновидность традиционной одежды кыргызов в эпосе «Манас», являющемся великим наследием кыргызского народа. Также на основе информации эпоса обращает внимание, что носили кыргызы в повседневной жизни и во время боевых действий.

Поскольку “Манас” является героическим эпосом, здесь в основном дается описание воинских доспехов *ак олпок, чарайна, чопкут и кандагай*. Они были настолько прочными, что их невозможно было пробить копьем и разрезать мечом. В статье проведена исследовательская работа по описанию технологии изготавления разновидностей одежды, включая одежду воинов.

**Ключевые слова:** кыргызы, эпос, исторический, героический, традиционный, одежда, исследования.

**Abstract**. In his scientific article, the author focuses on the variety of traditional Kyrgyz clothing in the epic “Manas”, which is the great heritage of the Kyrgyz people. Also, based on the information

from the epic, the author attempted to interpret what the kyrgyz wore in everyday life and during the war. Since "Manas" is a heroic epic, it mainly describes the types of clothing of warriors. Ak olpok, charaina, chopkut and kandagai are especially mentioned as protective clothing that the hero wore when he went out on reconnaissance. They were so strong that it was impossible to pierce them with a spear or cut them with a sword. The article contains research work on the peculiarities of making types of clothing that reveal the full meaning of the kyrgyz people.

**Key words:** Kyrgyz, epic, historical, heroic, traditional, clothing, research.

Элдик кийимдер кыргыз элинин салттуу маданиятындагы мурастардын бири экендиги талашсыз. Кандай гана кийимдин түрү болбосун, анын түпкү мааниси терең, кылымдарды карыткан бай тарыхы бар. Мындай кийимдер башка элдерден өзгөчөлөп, айырмалап турган улутка таандык энчилүү белги.

Элибиздин эзелки маданиятында кийимдерди кийүүдөгү салттары негизги орунду ээлеген. Анткени кийимдер адамдын коомдогу ордун, жаш курагын, уруулук айырмачылыгын аныктап турган. Өзгөчө аялдарга тиешелүү кийимдердин жасалышына жараша секелек кыз, топулуу кыз, такыячан кыз, үкүлүү кыз, бой жеткен, кары далы, келин, зайып, байбиче, токол, жесир, салбар, каралуу аял ж.б. экендигин баамдап көрүүгө болот. Ал эми эркектерге карата кийимдеринен жеткинчек, тестиер, өспүрүм, улан, жигит, мырза, чал, аксакал экендигин аныктай алабыз. Мындан сырткары ажо, бий, бек, манап, болуш, төрө, баатыр сыяктуу ж.б. адамдын даражасын көрсөткөн өзгөчө сыйлуу кийимдер болгондугу белгилүү.

Кийим-кечелерди тигүүдө элибизде коомдогу ээлеген ордуна, жаш курагына жараша кездемелердин түсүн жана түрүн тандап тигишкен. Кездемелердин түсү дагы өзгөчө мааниге ээ. Айрым түстөрдү бийик даражалуу адамдарга гана колдонууга уруксат берилген. Ошондуктан кыргыз коомчулугунда кийимдер өтө маанилүү эсептелип, анын ар бир түрүнө өзгөчө көңүл бурулган.

Салттуу кийимдерди тарыхый-этнографиялык маалыматтарга таянуу менен кайрадан калыбына келтирүүдө көптөгөн маселелерди чечүүгө туура келет. Ушул күндө сакталып калган маданий мурастардын түп нускаларына салыштырып, өзгөчө үлгүлөрүн даярдоо көптөгөн эмгекти талап кылат. Алгач кийимдерге байланышкан маалыматтарга талдоо жүргүзүп, алардын байыркы түрлөрүн музей экспонаттары менен салыштырып кароо зарыл. Кийимдердеги кездемелерди, бычма-тигилиштери, коолдолушуна байкоолорду жүргүзүү менен аларга колдонулган ыкмаларды билүү дагы маанилүү. Анткени эски ыкмалар кийимдердин көөнө түрүндө даярдалуусуна шарт түзөт. Кийимдердин тарыхын изилдөөдө алардын улам өнүгүүсүндөгү басып өткөн жолун аныктоо керек. Себеби, кийимдердин өзүнчө бир эволюциялык жолу болгон алар дайыма өзгөрүлүп, өнүгүп олтуруп калыптанган. Кийим-кечелерди изилдөөдө элдин жашоосундагы тарыхый бурулуштарды, улуттук маданияттын кийинки тагдырына тийгизген таасирлерине да көңүл буруу зарыл.

Кыргыз элинин эзелки тарыхына кайрылсак, өз мамлекеттүүлүгүн сактоо жана элинин эркиндиги үчүн нечендеген жоокердик заманды баштан кечирди. Ошондуктан жоокердик өнөргө эрте эле машыгып, бул жаатта мол тажрыйбаны топтогон. Эл-жерин көздүн карегиндей коргогон көптөгөн баатырлардын даңазасы тарыхый булактарда, элдик оозеки чыгармаларда айтылып келет. Эзелтеден баатырдык мүнөз күткөн элибизге таандык кийимдерге олуттуу көңүл буруп, анын негизинде улуттук идеологияны бекемдеген өзгөчө кийимдин үлгүлөрүн жаңыча иштеп чыгуу азыркы күндө эң эле актуалдуу маселеге айланып турат. Кыргыздардын салттуу кийимдеринин терең тарыхый мааниси сакталып калган жазма булактар аркылуу белгилүү. Элдик ооз эки чыгармаларда адамдын кийген кийимдери тууралуу сүрөттөмөлөр арбын кездешет жана андагы маалыматтарга өзгөчө көңүл буруу керек. Анткени жазылып калган маалыматтарды музейлик эскпонаттар менен салыштырып изилдөө абдан чоң мүмкүнчүлүктөрдү

жаратат. Байыркы тарыхый булактарынан белгилүү болгондой кыргыздардын жол башчылары төбөсү конус түрүндөгү, этеги жогору кайрылган алтын алкактуу баш кийим кийишкен. Мына ушул маалыматка окшош келген калпактын түрүн музейлик инвентардан кездештирүүгө болот. Ошонун негизинде байыркы калпактардын формасын, жасалышын аныктоо мүмкүнчүлүгү жаралат.

"Манас" эпосунда кыргыздардын кийим-кечелеринин бардык түрлөрү кездешет. Алардын ичинде кара бөрк, кызыл бөрк деген аталыштар абдан көп. Дагы бир жыгалуу бөрк дегени-жыгаа бул куштун таажысы тагылганы айтылат. Эпосто: "Падышалык бөркү бар, Башы папик алтын чок", [1] деген ыр саптары жолугат. Бөрк түрк тилдеринин ичинде баш кийимди түшүндүрөт. Каныкейдин кырк чорого кийим камдашына көңүл бурсак, анда кырк калпак жана кырк тумак жөнүндө бай маалыматтар бар. Бээжин ысык жер экенин, ысыгы маза бербегенин айтып, жигиттерге аптап уруп кетсе ал-кубаты кетерин эскерте эң алдын ак калпактарды алып чыгат. Аларды Каныкей кедик койдун тармал жүнүн таза жерге жыктырып, тасмалдатып кырктырып, тогуз жүз кемпир чогултуп, тырмакка салып тыттырып, келинге кесе бастырып, кызга кыя тиктирип, тогуз ай башта кылдатып, уздан узга сындатып анан тиктирген экен. Бул калпакка сайса – найза тешпейт, чапса – кылыч кеспейт, баары алтындан чоктолгон, ар биринин баасы каймал төөдөн өөдө экен. Муну "ысыктуу күндө кийип бак, ышынбай жоого тийип бак" [2], деп Каныкей кырк жигиттин алдына коёт.

Окумуштуу-этнограф О.Капалбаев эмгегинде "Манас" эпосунда кездешкен кийим-кечелерге кеңири токтолуп өтөт. Айрыкча кун терисинен жасалган баш кийимдерге талдоолорду жүргүзүп, көк сүлөөсүндүн терисинен жасалган бөрктү чоролордун мыктылары Бакай, Алманбет, Чубак, Серек, Сыргак баатырлар кийишсе, Кыргыл чал баштаган чоролор суусардан тебетей кийгендиги жазылат. Адамдын башындагы бөрк аркылуу алардын коомдогу ээлеген даражалары аныкталган же коомдун башка өкүлдөрү алардын баш кийими аркылуу аскердик даражасын таанышкан. Окумуштуунун эмгегинде кун терилеринен жасалган баш кийимдер биринчи жолу аскердик даража катары каралып жатат [3]. Кыргыздардын салттуу кийимдери боюнча окумуштуу тарыхчы-этнографтар изилдөөлөрүн жүргүзүп, көптөгөн маалыматтарды жазып кетишкен. Алардын эмгегиндеги маалыматтар аркылуу сырт кийимдер көп түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнгөндүгүн байкоого болот. Белгилүү окумуштуу К.И. Антипина өз эмгегинде эркектердин көйнөктөрү *"туура жака", "узун жака", "тик жака"* түрүндө, узундугу тизеге жетип тургандыгы белгилейт [4]. Мурдагы мезгилдерде эркектерге мүнөздүү көйнөктөрүнүн дээрлик бардыгы ак түстөгү чыт кездемесинен этеги узун, жеңдүү даярдалып, карапайым адамдар кийишкен. Ал эми колунда бар байлары кымбат баалуу жибек, атлес кездемелеринен тиктиришкен.

Сырткы кийимдерге *чапан, кемсел, бешмент, тон, ичик* сыяктуу көп түрдүү кийимдер кирген. Алардын жасалышы кийген адамдын коомдогу ээлеген ордун көрсөтүп турган. Ошондуктан сырт кийимдер аркылуу дагы адамдын даражасын аныктоого мүмкүн эле. Өзгөчө кымбат баалуу *ак аркак, мандили, капты, зарбап, парча* сыяктуу кездемелерди бийлик мансабы бар белгилүү инсандар гана кийүүгө мүмкүнчүлүктөрү жеткен десек болот.

"Манас" эпосу баатырдык эпос болгондуктан кийим-кечелердин ичинен жоокердик кийимдер арбын сүрөттөлөт. Айрыкча *ак олпок* аталышындагысы баатырдын чалгынга чыкканда, жекеме-жеке беттешүүдө, кан майдан кыргын согушка кийип жүрүүчү, коргонуучу кийими катары эскерилет. Ал ок өтпөгөн, найза тешпеген, кылыч кеспеген эң чыдамдуу кийим болгон. Анын ичин жибек же башка кездемелер менен ичтеп, сыртынан кийиз жана кайыш кабатталып тигилген. Жоокердик кийимдин сырткы беттерине жырткыч айбанаттардын (ажыдаар, жылан, арстан, жолборстун) ар түрдүү көрүнүштөгү сөлөкөтүн түшүрүп тигилгендиги эпосто көп жолу кайталанат: "Астыңдан душман кез келсе/, Жүрөгү чыгып кетсин деп /, Ак олпоктун сыртына /, Кара чаар жыландын /, Бедерин салып койгонмун" [5]. Мындай маалыматтар байыркы скифтердин, сактардын доорундагы б.з.ч. VI-II

к. кийимдерге жырткычтардын сөлөкөтүн түшүрүп кооздук берүү салтына окшош.

Кыргыздардын салттуу турмушунда айбанаттардын канаты, тырмагы, чүкөсү ж.б. мүчөлөрүн үйгө, баланын бешигине, бой тумар кылып колдонуп келишкендиги белгилүү. Айбанаттардын сөлөкөтү сырткы кара күчтөрдөн коргоп турат деген терең ишеним болгондуктан, аларга болгон сый-урмат дагы жогору турган. Ошондуктан байыркы кийим-кечелерге, айрыкча жоокердик кийимдерге айбанаттык мүнөздөгү кооздуктар дээрлик колдонулган деп айтууга болот. *Ак олпок, чарайна, чопкут* кийимдери атчан жоокердин кыймыл аракетине жараша даярдалат. Ага ылайык чолок этек, тик жака, алды арты туюк, эки капталы атайын бүчүлөр менен бүчүлөнгөн. Мындай кийимдерди *белдемчи, кандагай, көк жеке, туулга* менен чогуу кийишкен.

Каныкейдин кырк чоро үчүн сырт кийимдерин даярдоосу мындайча: "Ак чүчтө көйнөк, суп дамбалды, казатка киер куп дамбалды чоң куржундун түбүнө чогуусу менен салган экен. Ал эми кийимдер үчүн Анжы менен Манжыга, Кара-Шаар Камбылга, Чын-Мачынга, Кумулга соодагер жиберип, бир мыскалы миң дилдеден кыйбат баа кырмызы алдырыптыр. Ошол кырмызыны кыргыздын миңинен, ногойдун миңинен алтымыш келин, кырк кыз тандаптыр да, аларга алты кабат курдатып, кырк бир күндөн ширдатып, жакпаганын сөктүрүп, табак-табак болотко албарс эгеп аралаш, арасына төктүрүп, ичине ок солоп ичтитышты сегиз тон, жака, жеңи тегиз тон кылыптыр. Бул тондордун ичи кадек, сырты бөз, тышы торгун, атлас, жакасы алтын, жеңи жез, калыңдыгы жарым кез" [6], деп сүрөттөлөт.

Кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн негизги бөлүгүн малдын жана аң терисин иштетүү жана алардан кийимдерди тигүү түзгөн. Жылуу мезгилде түгү жок, ал эми суук мезгилде ичинде жүнү менен жасалганын кийишкен. Белгилүү адамдар даярдоого көп убакыт талап кылынган кандагай аталышындагы шымды кийген. Аны даярдоодо кийиктин, тоо текенин, багыштын териси керектелет. Мындай түрүн эл ичинде баатырлар, балбандар жоого, эр сайышка, оодарышка кийишкен. Байыркы Сибирь элдеринде Хандагай (багыш) кудай-жаныбар ыйыктык белги болгон. Ошондуктан кыргыздардын көп уруулары ушул жаныбардын атын алып жүргөн (сары багыш, кара багыш, чоң багыш, багыш). Мындай жаныбардын терисинен кийим кийген адам анын колдоосу менен жеңилбес күчкө ээ деген ишеним жашаган.

"Манас" эпосунда Кошой кийип балбанга түшкөндө кандагай тууралуу мындайча: "Аны Каныкей Анжыяндын ары жагы, Айым-Мүнсөк бери жагы Дандун баштын тоо текесинин териси калың болот деп угуп, Абыке баш болгон алтымыш мергенди атайы жиберип, териге залал кылдырбай жалаң көзгө аттырып алат. Аны күндүн көзүн көрсөтпөй кургатып, жез челеккке алты ай алманын кабыгынан жасалган малмага салып ашаттырат. Кайыптын кызы Арууке баш болгон токсон узга тиктирет. Ичине буулум ичтеп, болот эгер ширетет" [7], деп сүрөттөлөт.

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы Б. Солтоноев шым боюнча мындайча: "Тоо теке, жаки үй теке, жаки серкенин терисинен сары жаргак шым жасап, багалегин кең жырмач кылып, бай-феодалдары болсо саймалап, кундуз кармап, "кең багалек – келбер шым" деп кийишкендигин белгилеп өтөт [8]. Ошондой эле окумуштуу С.М. Абрамзон өзүнүн изилдөөлөрүндө тоо теке, тоо эчки, аркар, кулжанын терилеринен жасалган шымдар жаргак шым деп аталгандыгын маалымдайт [9]. Г.С.Загряжеский бай кыргыздардын бир түстөгү кулундардын терилеринен, жүндөрү бир тарапка жаткырылып, чеберчилик менен жасалган жаргак шымдарды жакшы көрөөрүн белгилеп өтөт[10]. Ошентип, жаргак шымдар түктүү жана түксүз териден жасалгандыгы белгилүү болду.

"Манас" эпосунда Каныкейдин кырк чалбар тиктиргени мындайча: "Кырк чорого кымбат баалуу шым тиктирген экен, анысын алып чыкты Каныкей. Даңдуң-Баштын текесинин териси калың деп угуп, сырты кара зор текеге Абыкени баш кылып алтымыш мерген жиберип, алар көзгө гана атып, терини бузбай алып келет. Кургатканда терисин, күндүн жүзүн чалдырбай ак сандыкка каттырып, ашаткысын алты ай жез челекке жаткырып, алма кабык алдырып, дагы алты ай малма салдырып даярдайт.

Анжияндан сарт боёкчу келип боёп берет, Арууке токсон кызга баш болуп, тогуз ай иштейт. Ичине булум ичтеген, багалегин бүтүн тиштеген бу чалбардын ийи чала калбасын деп алтымыш балбанга ийлеткен, жылан боор бүктүргөн, болот эгеп шиpeткен, тиштегени да, бүктөгөнү да билинбейт. Бүткөндөн кийин сыноо үчүн сыр барaң атса – ок өтпөйт, табылгы жакса – чок өтпөйт. Ар бир шымдын чын баасы – жети тайлык" [11], деп сүрөттөлөт. Кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөндүк жашоосундагы конуш которуу турмуш-тиричилиги ага ылайыкташкан кийимдердин даярдалуусуна түрткү берген. Анын ичинен улам, көлүккө (ат, топоз, төө) мингенге такалуусун жана басып жүрүүгө ыңгайлуу такасыз өтүктөрдү даярдашкан. Жашаган аймактарынын аба-ырайы шарты кескин өзгөрүлүп тургандыктан, биринчиден суукка ылайыктуу жана аймактык өзгөчөлүктөргө жараша дагы өзгөчөлөнүп жасалган. Ал эми жоокердик шарттарга согушка ылайыктуу, чыдамдуу, коопсуз бут кийимдерин тигишкен. Окумуштуу Н. Момунбаева өз эмгегинде: "Булгаарыдан тигилген бут кийимдердин көпчүлүгү учу кайкайган такалуу жасалат жана сыйлуу кийимдердин катарына кирет" [12], деп белгилеп кетет.

"Манас" эпосунда "накери" деген аталыштагы бут кийимдин түрүн кездештирүүгө болот. Анын тумшугу шуштугуй келип, өйдө кайкалаган, оюу-чийүү менен кооздолуп, баатырларга ылайыкталып иштетилген ок өтпөс үлгүсү. "Накер" деген сөздү К. Юдахиндин сөздүгүндө мындайча: "баалуу үзөңгү, накери теке мүйүздөн" [13], – деген маанини түшүндүрөт. Эгерде накери темирге, мүйүзгө карата дагы айтылып жаткан болсо, демек, бекем, бышык, чебер жасалган деген маанини берет. Эпостордо төмөндөгүдөй бут кийимдердин аталыштары кездешет: *көк жеке, жекесан, үпүкө, накери, кырмызы.* Булар баалуу бут кийимдер.

"Семетей" эпосунда: "...Кош оймолуу: көк жалдуу /, Булгаары өтүк миз таман/, Өкчөсү карыш "көк жеке"/, Оймо така ичинде/, Алтындан кылган жылаажын/, Кош коңгуроо жеке сан/, Козголсо үнү шыңгырап" [14], деп сүрөттөлөт. Бут кийимдердин ичинен жекесан баатырлардын кооздолуп жасалган өтүгү. Ошондой эле көк жеке кайыштан кооздолуп, сый өтүк катары дагы айтылат. Бут кийим көбүнчө атчан жүрүүгө ылайыкталып, өкчөсү бийик, кончу узун, тумшугу кууш болуп, бир аз кайкалатып ултарылган.

Жыйынтыктап айтканда "Манас" эпосунда кыргыздардын салттуу кийимдеринин бардык түрлөрү айтылып, алардын жасалуусу, кооздолуп тигилиши жогорку деңгээлде көркөмдөлүп берилген. Чындыгында элдик оозеки чыгармалардагы маалыматтарды тарыхый-этнографиялык булак катарында пайдалануу маанилүү. Анткени көптөгөн мезгилдерден бери кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгүндө жаралып, муундан-муунга кийилип ушул күнгө жеткен кийимдерге талдоолорду жүргүзгөнүбүздө элдик чыгармалардагы маалыматтар туура келери далилденип турат. Ошондуктан кыргыздардын салттуу турмушунда колдонулуп келген кийим-кечелерин, буюм-тайымдарын элдик чыгармаларга салыштырып изилдөө жакшы жыйынтыктарды берет дегенге толук негиз бар.

**Адабияттар:**


1. Манас эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. II китеп.-Ф.:Кыргызстан., 1980.-447б.
2. Манас эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. III китеп.-Ф.:Кыргызстан., 1981.-208б
3. Капалбаев О.Э. Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы).-Б.:2022.-123-б.
4. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов.-Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1962.-С 221
5. Манас эпосу. С.Каралаевдин варианты боюнча. II китеп.-Ф.:Кыргызстан., 1986.-260б.
6. Манас эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. IV китеп.-Ф.:Кыргызстан., 1982.-353б.
7. Манас эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. III китеп. Көрсөтүлгөн эмгек, 207 б.
8. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы [Текст] / Б. Солтоноев. – Бишкек: АРХИ, 2003. – 12 б.
9. Абрамзон С.М. Очерк культуры киргизского народа [Текст] / С.М. Абрамзон. – Фрунзе:Изд-во Киргизского филиала АНСССР, 1946. – 35 с.

10. Г.С.Загряжеский Бытъ кочеваго населения долинъ Чу и Сыръ-Дарьи [Текст] / Г.С. Загряжский // ТВ. – 1874. № 15. – С. -61
11. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 2-китеп. С.Орозбаковдун варианты [Текст] / Сүрөтчүсү Б.Жайчыбеков. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 499 б.
12. Момунбаева Н.С. Түштүк кыргыздардын салттуу кийимдери (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы.).-Б.: 2014.-100-101-б.
13. Кыргызско-русский словарь. Около 40000 слов [Текст] / Сост. К.К.Юдахин. – Бишкек: «Кут-Бер», 2015. – 255, 550-б.
14. Семетей. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү [Текст]. – 3-китеп. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1959. – 162 б.

УДК:39:316.7(575.1)

**Ташалиева Мукарам Мурзакуловна**
кандидат исторических наук,доцент
КУМУ имени Б. Сыдыкова

## ТРАДИЦИОННОЕ ХОЗЯЙСТВО ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗОВ В КОНЦЕ XIX–НАЧАЛЕ XX ВВ.

**Ташалиева Мукарам Мурзакуловна**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
Б.Сыдыков атындагы КОЭАУ

## ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ САЛТТУУ ЧАРБАСЫ

**Tashalieva Mukaram Murzakulovna**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
KUMU named after B. Sydykov, Osh Kyrgyzstan

## TRADITIONAL ECONOMY OF THE PAMIR KYRGYZ AT THE END OF THE 19TH – BEGINNING OF THE 20TH CENTURIES

***Аннотация.*** В статье рассматриваются особенности традиционного хозяйства памирских кыргызов в конце XIX – начале XX века. Памирские кыргызы, проживавшие в труднодоступных высокогорных районах Памира, вели кочевой образ жизни, приспособленный к суровым природным условиям. Основу их хозяйства составляло скотоводство, главным образом разведение яков, овец и коз. Яки были особенно важны для памирских кыргызов, так как были хорошо приспособлены к условиям жизни в высокогорье и обеспечивали людей молоком, мясом, шерстью. Земледелие также играло важную роль в хозяйстве. Они выращивали ячмень, пшеницу, картофель и другие культуры, которые помогали выживать в условиях короткого вегетационного периода и недостатка плодородных земель. Земледелие на Памире было возможным благодаря созданию искусственных оросительных систем, которые позволяли доставлять воду с гор на поля.

Ремесла также были развиты, особенно изготовление войлочных изделий, юрты, ковры и одежда. Войлок был не только материалом для жилища и одежды, но и важным предметом обмена. Торговля играла существенную роль в хозяйстве которых обменивали скот, шерсть, войлок и другие товары на зерно, ткани, металлические изделия и другие необходимые вещи у соседних народов. Торговля осуществлялась как внутри региона, так и с отдаленными районами как Кашмир, Китай и Туркестан.